Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин-Тоо

WWW.ERKIN-TOO.KG Жума, 2022-жылдын 17-июну №53 (3388)

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек КАСМАМБЕТОВ:

«БАРДЫК ИШЕНИМДИН ТҮПКҮ МААНИСИ – АДАМ БАЛАСЫН КУЛЧУЛУК ПСИХОЛОГИЯДАН КУТУЛТУУ!»

3-4-БЕТТЕРДЕ

ЖАҢЫ ИШКАНА

Баткен облусунун Кара-Бак айылында өрүктү кайра иштетүүчү логистикалык борбор ишке берилет. Анда жылына 1 миң 500 тонна өрүктү кайра иштетүү пландалууда. АКШ, Япония жана Россияга экспортко чыгат. Ишкана ишкер Турсунали Төлөмүшев тарабынан негизделди.

"Эркин-Тоо"

мамлекеттик расмий гезитине 2022-жылдын 2-жарым жылдыгына жазылуу жүрүп жатат.

6 айга жазылуу баасы:
- Которуу жолу менен: – 1261 сом 02 тыйын.
- Накталай төлөө жолу менен: – 1283 сом 52 тыйын.

КРнын Министрлер Кабинетинин "Нормативдик актылар" тиркеме журналы:
6 айга жазылуу баасы:
- Которуу жолу менен: – 1536 сом.
- Накталай төлөө жолу менен: – 1563 сом 43 тыйын.

Жазылуу "Кыргызпочтасы" мамлекеттик ишканасынын бардык почта түйүндөрүндө жүргүзүлүп жатат.

АЖЫЛЫК САПАР БАШТАЛДЫ

Пандемиядан берки алгачкы ажылык сапар башталды. Ага кыргызстандык зыяратчылардын биринчи тобу жөнөп кетти. Муфтияттын басма сөз кызматы билдиргендей, алгачкы топ 16-июнда Сауд Арабиясынын Медина шаарына барат. Быйыл Кыргызстандын жарандарына ажылыкка барууга 2766 квота бөлүнгөн.

Таалайкан САДАБАЕВА:

"Акча которуулар боюнча өзгөртүүлөр убактылуу болуп эсептелет"

5-БЕТТЕ

Талантаалы БАКЧИЕВ:

"Укугум деп милдетибизди унутуп баратабыз"

6-БЕТТЕ

"Жетиген" журналын дүйнө эли тааныганы – эмгектин үзүрү

9-БЕТТЕ

IV ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫ

Шаршемби күнү Президент Садыр Жапаров Бүткүл дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын төрагасы Билал Эрдоганды кабыл алды.

Бурса провинциясындагы Изник шаарында IV Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүгө даярдык көрүү, Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын жакынкы келечекте өнүктүрүү маселелери жана бул демилге алкагындагы иш-чаралар боюнча пикир алмашуу болду.

Мамлекет башчысы кыргыз тарап мындай эл аралык масштабдуу иш-чараны уюштурууга жана өткөрүүгө көмөктөшүүгө даяр экенин билдирди.

Өз кезегинде Билал Эрдоган конфедерация дал ушул Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүнүн аркасында түзүлгөндүгүн, Изник шаары Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүгө тандалганы кокустан эместигин белгиледи. Биринчиден, шаар көл жээгинде жайгашып, Ысык-Көлдү эске салса, экинчиден, анын аймагында биздин доордун экинчи миң жылдыгынын башында бул шаарды алуу учурунда курман болгон кыргыз жоокерлери үчүн эстелик Мемориалы орун алган.

БАЛДАР ҮЧҮН БОРБОР

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 15-июнда Бишкек шаарындагы балдардын реабилитациялык борборунун курулушуна капсула салды.

Бул жер өрттөн кийин 12 жыл бою бош тургандыгын белгилеген Акылбек Жапаров: «Реабилитациялык борбор курууну көптөн бери пландаштырганбыз. Бул балдар үчүн жакшы колдоо болуп, алардын сапаттуу медициналык жардам алуусуна көмөк бererине ишенем» деди.

Долбоор боюнча имараттын аянты – 1728 м^2, курулуш аянты 508 м^2 түзөт. Курулушту үстүбүздөгү жылдын аягына чейин бүткөрүү пландалууда.

"АК ШУМКАРДЫ" АЛГА СҮРӨГӨН АЖО

Президент Садыр Жапаров 14-июнда Дөлөн Өмүрзаков атындагы борбордук стадиондо Кыргыз Республикасы менен Тажикстан Республикасынын курамаларынын ортосунда болгон беттешке барды.

Бул биздин команда үчүн Азия Кубогу-2023кө тандоо этабындагы акыркы оюну болду. Кыргызстан менен Тажикстандын курамалары оюнду тең, 0:0 эсебинде жыйынтыкташты. Эки команда тең Азия Кубогу-2023түн финалдык баскычына чыгышты.

Беттеш аяктаган соң Мамлекет башчысы улуттук курама менен жолугуп, болуп өткөн бардык беттештердин жүрүшүндө спортчулар кооз жана укмуштуудай футболду көрсөтүп, кыргызстандыктарга чыныгы майрам тартуулашканын белгиледи. Ошондой эле машыктыруучулар курамына ыраазычылык билдирип, аларсыз бул жеңиштерге жетишүү мүмкүн болмок эместигин билдирди.

Азия Кубогуна катышууга байланыштуу бардык каржылык маселелер өз убагында чечилерин айтып, үстүбүздөгү жылдын августунда Бишкекте 22,5 миң адам батарлык заманбап жаңы стадиондун курулушу башталарын кабарлады.

Өз кезегинде улуттук курама команданын башкы машыктыруучусу Александр Крестинин жана команданын капитаны Валерий Кичин Садыр Жапаровго көрсөткөн колдоосу үчүн ыраазычылык билдирип, акыркы жылдары мамлекет тарабынан футболду жана жалпы эле өлкөдө спортту өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп жатканын белгилешти.

ЭКОНОМИКАЛЫК ДИПЛОМАТИЯ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 15-июнда Тышкы иштер министрлигинде өткөн жумушчу кеңешмеге катышты.

Министрлер Кабинетинин башчысы билдиргендей, Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан жактырылган 2026-жылга чейинки Улуттук өнүктүрүү программасына ылайык, экономиканын ар жылдык реалдуу өсүү темпин ИДП карата 13% кем эмес көлөмдө (жылына болжол менен 1,0 млрд долл.) чет элдик түз инвестицияларды тартуу менен орточо 5%дык деңгээлде камсыздоо максаты коюлган.

«Буга байланыштуу Тышкы иштер министрлиги алдына экономикалык дипломатияны активдештирүү жана биринчи кезекте үч негизги багыт: чет элдик инвестицияны тартуу, туристтик агымдын кеңейишине көмөктөшүү жана ата мекендик продукцияны экспорттоого көмөктөшүү боюнча ишти активдештирүү милдети тапшырылган. Биз сиздерден социалдык-экономикалык маселелерди жана алдыга коюлган милдеттерди чечүүдө конкреттүү жыйынтыктарды күтөбүз» деди А.Жапаров. Чет өлкөдөгү дипломатиялык мекемелердин иши тийиштүү деңгээлде аткарылбаса, үстүбүздөгү жылдын соңунда өлкө жетекчилиги тарабынан тийиштүү чечимдер кабыл алынат.

ЖЕР ТИЛКЕСИНЕ ТИЙИШТҮҮ КӨЙГӨЙЛӨР

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров 15-июнда Чүй облусунун Сокулук районунун Военно-Антоновка айылынын тургундары менен жолугушту.

Жолугушууда жергиликтүү тургундар жер тилкелери боюнча бир катар орчундуу көйгөйлөрдү чечүүдө, анын ичинде белгилүү бир контурга турак жайларды курууга жана социалдык объектилерди баштоого уруксат алууда көмөк көрсөтүүнү өтүнүштү.

Жер амнистиясынын алкагында өлкөнүн жетекчилиги тарабынан калктын жер тилкесине тийиштүү көйгөйлөрүн чечүү максатында ченемдик актылар тийиштүү түргө келтирилип, жөнөкөйлөштүрүлгөн тартип киргизилген. Акылбек Жапаров чогулган жарандарды келечекте талаш-тартыштарды болтурбоо үчүн жер тилкесине укук белгилөөчү документтерди тиешелүү мамлекеттик түзүмдөрдө мыйзамдуу түрдө тариздеп, менчик укугун орнотуп, тилкелердин чек арасын тактап, андан кийин гана турак жайларды курууга киришүүгө чакырды.

АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕР ТАЛКУУЛАНДЫ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев 14-июнда Кыргыз Республикасындагы Азербайжан Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Латиф Гандилов менен жолугушту.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар эки тараптуу кызматташуунун актуалдуу маселелерин, эки өлкөнүн ортосундагы экономикалык жана гуманитардык кызматташуу боюнча биргелешкен Өкмөттөр аралык комиссиянын кезектеги жыйынын өткөрүү маселесин талкуулады.

Даярдаган
Жылдыз ДЫЙКАНОВА

ЭГЕМЕН ӨЛКӨНҮН ЭРКИН БАЛДАРЫ

Мамлекеттик катчы Сүйүнбек КАСМАМБЕТОВ:

«БАРДЫК ИШЕНИМДИН ТҮПКҮ МААНИСИ – АДАМ БАЛАСЫН КУЛЧУЛУК ПСИХОЛОГИЯДАН КУТУЛТУУ!»

Мамлекеттик катчы Сүйүнбек Касмамбетовдун мектеп программасына “Диндердин өнүгүү тарыхы” сабагын киргизүүнүн зарылдыгы, салттуу диндердин коомубузда ээлеген орду тууралуу макаласын сунуштайбыз.

"2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатынын концепциясын ишке ашыруу алкагында, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин киргизүү жөнүндө" жарлыгын чыгарды. Буюрса, эми аны ишке ашыруу чараларынын программасы иштелип чыкканы турат. Ырас, жаштарга диндердин тарых-таржымалын окутуу демилгеси буга чейин деле айтылып келген, бирок колго алынган эмес. Эми минтип маселенин кабыргадан коюлуп жатышы өлкөнүн диний чөйрөсүндөгү абалдын анчалык деле алымсындырарлык эмес экенин каңкуулап турат. Эмне кылуу керек? Бул тууралуу Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик катчысы Сүйүнбек Касмамбетов мектеп программасына "Диндердин өнүгүү тарыхы" сабагын киргизүүнүн зарылдыгы, салттуу диндердин коомубузда ээлеген орду тууралуу өз пикирин билдирди.

Адегенде эле айта кетейин, биресе кызматыма байланыштуу, биресе Кыргызстан көп улуттуу, көп конфессиялуу өлкө болгондуктан, диний уюмдардын жетекчилери, дин кызматкерлери менен тез-тез жолугушуп, өз ара пикир алышып турам. Жүрүм-турум маселелери, медреселерде окуган балдар менен жоолукка түйүлгөн наристе кыздардын абалы, дамбал кийип, бутуна тапичке сүйрөгөн молдокелер жаатында көптөгөн талаш-тартыштар болду, далай жолу жеме уктум. Акыры бири-бирибизди түшүнүштүк окшойт, көйгөйлөрдүн көбү акырындык менен чечиле баштады.

Билим берүү мекемелерине дүйнөлүк диндердин пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү тарых-таржымалын окутуу боюнча атайын сабак киргизүү маселесин да көптөн бери козгоп келем. Конфессиялар аралык тирешеүүлөр баш көтөрө баштаган, дүйнөдө диний экстремизм жосундары күчөп, терроризм менен радикализм тобокелчиликтери чектен ашкан азыркы шартта диндин жаралуу тарыхын, анын түпкү маанисин калкка туура түшүндүрүүнүн маниси зор. Анткени, өз ишениминин таржымалын жетик билген адам башка бирөөнүн жетегинде калбайт, экстремисттик жана террордук топторго кошулбайт.

Азыркы ааламдашуу доору бир да мамлекет ар кандай ички жана тышкы коркунучтарга каршы жалгыз-жарым күрөшө албай турганын көрсөттү. Ал эриш-аркак биргелешкен күч-аракетти талап кылат. Мында, албетте, унутта калып баратkан улуттук каада-салттарды жандандыруу, ата-бабадан келаткан нарк-насилди сактоо, жалпы адамзаттын руханий баалуулуктарын калкыбыздын калың катмарына жеткирүү чаралары да четте калбоого тийиш. Диндердин тарыхын таанып-билүүнүн түпкү таалим-тарбиялык мааниси да дал ушунда турат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бир жаранга дин тутуу эркиндигин кепилдейт, кайсы бир диндин мамлекеттик же милдеттүү дин катары кабыл алынышына тыюу салат, динди жана бардык диний ырасымдарды мамлекеттен ажыратууну камсыз кылат, диний бирикмелердин, дин кызматчыларынын мамлекеттик бийлик органдарынын ишине кийлигишүүсүнө жол бербейт. Бирок, мындай жоболор дин тармагы мамлекеттин көзөмөлүнөн тышкары жашайт дегенди түшүндүрбөйт, көзөмөл болот, ошон үчүн мамлекет да.

Совет доорунда динге ишенгендердин көпчүлүгү негизинен эки конфессияга — ислам динининин ханафий мазхабындагы суннит багытына жана христиан динининин православ багытына таандык болгон. Кантсе да, биздин жарандарыбыз башынан карманып келген бул эки багыт этностордун көп катмардык жана ишенимдердин көп түрдүүлүк шартында өз ара сабырдуулукка, бири-бирин урматтай билүүгө, мамлекет менен өнөктөш болууга жөндөмдүү экендигин тарыхый жактан далилдей алды.

Кыргызстан эгемендикке ээ болгону, өлкө аймагында дагы башка көптөгөн диний агымдардын өкүлдөрү баш көтөрө баштады. Мисалы, мектептерге караганда мечиттер көп салынат экен. Совет мезгилинде 39 мечит, 3 чиркөө болсо, акыркы 30 жыл аралыгында 1895 мечит курулган, 3348 диний уюм каттоодон өткөн. Ошондой эле 65 медресе, 10 ислам багытындагы окуу жайы иш алпарат. Ал эми каттоодон өтпөй, экстремисттик багытты бекем туткан, конституциялык түзүлүштү өзгөртүп, теократиялык системага алмаштыруу максатында, көшөгө артында көмүскө иш жүргүзгөн уюмдар канча. Албетте, алардын мамлекеттин көзөмөлүнөн сырткары калышы кооптондурбай койбойт.

Белгилей кетсек, ислам динининин негизги суннит, шеит, исмаилит багыттары бар. Анын суннит агымы ханафий, шафинт, маликит, ханбалит сындуу 4 топтон турат. Кыргызстандагы мусулмандар анын ичинде ханафий мазхабын карманат. Андан тышкары, Кыргызстанда мыйзам аркылуу 21 диний, экстремисттик, террордук уюмдарга тыюу салынган.

Дегеле, ишенимсиз эл болбойт. Ар адамдын жеке ишенимин да сыйлоо керек. Баарыдан мурда, өз башатыбыз менен өз ынанымыбызды да урматтоого тийишпиз. Ишеним жалпы жашоо-турмушубуз менен жалгашып кете алса, караламан калктын калың катмарына сиңип, өз жашоосун андан ары улантат. Ошентип, кайсы бир кезде жолу кайчы түшкөн диндердин айрым бир белгилерин каада катары карманып калдык. Кыскасы, баары аралаш. Ал жалпы белгилери боюнча диний ишенимге караганда, каада-салтка жакындашып кетет.

Бизге ислам динининин кечеңирээк келгени кыргыз тилинин сөз корунун катышынан деле байкалып турат. Анткени, тил ар кандай тарыхый таасирлерден четте калбайт. Кыргыз тилинде 2177 арап тектүү сөз камтылган, башкача айтканда, жалпы лексикабыздын 5,5 пайызын түзөт. Алардын көбүнүн айтылышы өзгөрүп кеткен же баштапкы маанисинен ажыраган. Ал эми ислам динине эртерээк аралашкан өзбек тилинде бул катыш 17 пайыздын тегерегинде болсо керек эле.

Жайнамазын жаябы же тарсача такыба чокунабы, буркурап бутка сыйынабы же көк асманга алакан жаябы, айтор, ал ар кимдин өз эркси. Бирок, өзүнүн жеке ишенимин башка бирөөгө таңуулоого эч кимдин эч кандай акысы жок. Сырттан күч менен таңууланган нерсе жандүйнөгө жуурулушуп кете албайт. Дин укумдан-тукумга генеалогиялык же биологиялык жол менен бериле турган нерсе эмес, ал аң-сезим аркылуу сырттан кабылдап, ичтен ынана турган ишеним.

Эгерде динди салттуу маданияттын бир бөлүгү катары карасак, анын мазмуну гана эмес, ар бир сөзүнө чейин так, таасын, түшүнүктүү болууга тийиш. Ансыз ишеним шарты бузулат. Мен өз оозуман чыккан сөзүмдүн маанисин билип, ал үчүн жооп беришим керек. Ар адамдын жеке ынанымы да мына ошого негизделген. Ал үчүн адегенде ар кандай догмалардан арылышыбыз керек. Анткени, диндер жаралгандан бери нечендеген кылымдар өттү, дооорлор алмашты, илим-билим өнүктү, баалуулуктар жаралды, анын ичинде адамдын өзү дагы кыйла өзгөрдү.

Мисалы, исламдын мындай бир ураны бар: «Аллах — жалгыз. Кудайдын кулу, Мухаммаддын үмөтүмүн!». Аны «Ислам маданияты» гезити минтип чаламоңол чечмелеп берип жатпайбы: «Суроо-жооп: Каерден келдиң, каерге барасың? Аллахтан келдим, Аллахка барам! Эмне үчүн келдиң? Аллахка кулчулук кылуу үчүн келдим!» («Мусулман балдарга диний суроолор».).

Ушундай! Эгемен Кыргызстандын эркин өскөн балдарын кулчулукка тарбиялап жатабызбы?.. Кайсы бирин айталы, эми мындай жармач жазмакерлердин жазатайма түшүнүктөрү арбын эле.

Баардык ишенимдин түпкү маниси адам баласын кулчулук психологиядан кутултуу, жамаатташ адамдар менен ынтымак менен ырашкерликте жармакташ жашоого үндөө, жамандыкты жеңе билүүгө, жакшылыкка жалгаша билүүгө үйрөтүү экендиги айтпаса деле түшүнүктүү чыгар. Мындай түшүнүк акыры келип Башмыйзам жоболоруна да, эл аралык адам укуктары менен эркиндиктерин коргоо таламдарына да кайчы келери бышык.

Менимче, адам баласы эч качан эч кимге кул болбоого тийиш. Кайсы элде, кайсы тилде кандай гана аталбасын, Жараткан кул ээси же кул кармоочу эмес, ал — адам баласынын колдоочусу, ишеним эгеси. Ошон үчүн Жараткан да! Мына ушундай ынанымды карманганда, кыргыз элинин келечек мууну өз жандүйнөсүнө жалгашат, азыркынын тили менен айтканда, кулчулук психологиядан биротоло арылат. Бирөөлөрдүн айтканын жасаардан мурун, адегенде азыноолак акыл калчасак кантет. Кулчулук доору эбак өткөн, бүт дүйнөдө кулчулукка тыюу салынган.

(Уландысы 4-бетте)

(Башталышы 3-бетте)

Андан тышкары, диндердин тарыхын окутууда мамлекеттик тилдин ички мыйзамдары дагы сөзсүз эске алынууга тийиш. Ар бир тилдин, анын ичинде кыргыз тилинин да өз мыйзамы бар. Ансыз деле келегей сүйлөп калдык. «Чет тилден кирген сөздөрдү өздөштүрүү» эрежесине ылайык, ислам динине байланыштуу көптөгөн сөздөр эбак эле өздөштүрүлгөн болчу. Мисалы, Аллах — Алла, халал — адал, Иисус — Иса, Моисей — Муса, Давид — Дөөтү, Якоб — Жакып, Библия — Ыйык Китеп («Жаңы осуят», «Эски осуят»), Рамазан, Курбан байрам — Орозо айт, Курман айт, араб — арап ж.б.у.с.

Кара күчкө салып, арап сөздөрүн арапча айтылышы боюнча жаз, Куран сөзүн куран тилинде сүйлө дегенибиз, бери дегенде таптакыр туура эмес, ары дегенде бөтөнзордук болуп калат. Жараткан баардык жанды бирдей көрөт, баардык тилди түшүнөт. Ал ошон үчүн Жараткан да!

Эми, КР Президентинин «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин киргизүү жөнүндө» жарлыгын ишке ашыруу алкагында бир катар программалар иштелип чыгат. Бирок, аларды жүзөгө ашыруу жүрүшүндө бир катар жагдайлар биринчи кезекте эске алынууга тийиш. Ушул кезге чейин мамлекеттик окуу жайлардагы билим берүү жүрүмүндө теологиялык жана дин таануучулук мамилелер чаташтырылып келет. Адегенде андай маанилүү түшүнүктөрдүн айырмасын так аныктап беришибиз керек.

Ошону менен бирге, диний окуу жайларына коюлган мамлекеттик билим берүү стандарттары өркүндөтүлүүгө тийиш жана алардын талаптагыдай сакталышына көзөмөлдү күчөтүү зарыл. Диний окуу жайларында атайын адистер менен окутуучулардын жетишсиздиги байкалып турат. Кыргыз жарандарынын чет өлкөлөрдө диний билим алуусуна ырааттуу мониторинг жүргүзүлбөйт, жалпы тенденцияларды болжолдоо системасы жок. Мындай чараларды тезинен колго алыш керек. Ансыз кыйналып калабыз.

Албетте, диний окуу мекемелеринде стандарттуу билим берүү сапаты жөнүндө узун сабак кеп кылса болот. Бирок, баарыдан мурда, бизди чет өлкөлөрдө диний билим алып жаткан балдардын келечек тагдыры кабатыр кылбай койбойт. Арасында эрезеге жетелек, ар нерсени өз алдынча андай албаган жаштар арбын. Коом ичин радикалдаштырууну көздөгөн күчтөрдүн айрыкча жаш балдар менен аялдарга тап коюп жатканы дагы бекеринен эмес.

Азыр ааламдашуу доору. Көп ичинде кыргыз журтунун эл аралык тажырыйбадан үйрөнө турган, дүйнөлүк руханий дөөлөттөрдөн ала турган нерселери арбын. Андан качпаш керек, бирок ар кандай жазатайымдардан да сак болууга тийишпиз. Дегеле, ар адамда ар дайым ынаным жана тандоо мүмкүнчүлүгү болууга тийиш. Ансыз сырттан тануулоо жосунунан эгерим арыла албайбыз.

КЕҢЕШИП КЕСКЕН БАРМАК ООРУБАЙТ

КУМАР ОЮНДАРЫН КОЛДОП ДА, КОЛДОБОЙ ДА ЖАТКАНДАР БАР

Республикабызда оюн-зоок мекемелеринин ишине уруксат берүү демилгеси коомдук резонанс жаратып, аны колдогондор да, каршы болгондор да болууда. Белгилей кетсек, Жогорку Кеңештин кароосунда Экономика жана коммерция министрлиги тарабынан иштелип чыккан “Оюн-зоок ишинин маселелери боюнча КРнын мыйзам актыларына өзгөртүү киргизүү жөнүндө” мыйзам долбоору турат. Аталган мыйзамга ылайык кумар оюндары мекемелеринин субъекттери болуп белгиленген тартипте катталган жана оюн-зоок ишин мыйзамдарда белгиленген талаптардын жана укуктардын чегинде уюштуруучу жана жүргүзүүчү юридикалык жактар жана чет өлкөлүк юридикалык жактар эсептелет. Оюн-зоок мекемелери ишкердиктин лицензиялык түрү болот жана ал үчүн Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген өлчөмдө акы төлөнөт. Демилгечилердин негиздемеси боюнча мыйзам долбоору өлкөгө инвестицияларды тартууну стимулдаштыруу жана бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү максатында иштелип чыккан.

Бирок, оюн-зоок мекемелерин кайрадан иштетүүгө каршы акциялар борборубузда гана эмес, Ош, Караколдо да болуп өттү. Каршылык акциясына чыккан активисттер аталган мыйзам долбоорун жокко чыгарууну сураныш жатышат. Активист **Акжолтой Тукуновдун** айтуусунда алар 20 жылга чейин оюн-зоок мекемелерине мораторий жарыялоону, кумар оюндарынын ордуна этно, эко жана медициналык туризмди өнүктүрүүнү сунуш кылышууда. Ошондо бизге маданияттуу туристтер келет жана биз өз наркнасилибизге карама-каршы иш кылбаган болобуз, - дейт ал.

Албетте, кумар оюндарына көз карандылык үй-бүлөгө, адамдын психологиясына терс таасирин тийгизип, ар кандай оор кесепеттерге кептеши мүмкүн. Андыктан алар анын пайдасынан кесепетине көбүрөөк кабатырланып жатышканын түшүнүүгө болот. Диний ишмер Кадыр Маликов “бул арам иш, миллиарддаган акча болсо да анын берекеси болбойт” деген пикирин айтканы бар. Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров да бул маселе боюнча журналисттерге комментарий берип, “Кабмин мунун позитивдүү жагын карап жатабыз. Казино мамлекеттик бюджетти толтуруу үчүн керек. Ал биздин жарандар үчүн эмес, чет элдиктер үчүн иштейт. Эгерде андай болбогон учурда ал мекеменин лизенциясы алынып коюлат” деп белгиледи.

Мыйзам долбоорунун 15-беренесинде “КР жарандары, 21 жашка чыга элек чет өлкө жарандары оюн-зоок мекемелеринин кардары боло алышпайт” деп белгиленген. Бирок, ушул берененин так аткарылышына кепилдик барбы, ал башка нерсе. Чындыгында бул тартип сактоо органдарынын кызматтык жоопкерчилигине жана жеке абийирине түздөн-түз байланыштуу маселе.

Саясат таануучу **Марс Сариев** “ВБ” сайтына оюн-зоок мекемелеринин ачылышы боюнча мындай пикирин билдирген: “тобокелчиликтер жок эмес, мыйзамды бузуу аракеттери болбой койбойт. Мафия кыргызстандыктар оюнга кирүүсүнө шарт түзүү үчүн легалдуу эмес оюн-зоок мекемелерин иштеткиси келет. Андыктан мамлекет тарабынан өтө катаал жана келишкис көзөмөл болушу зарыл. Эгерде мыйзам бузуу каттала олчойгон айыптарды салып, дароо мекемени жаап салуу керек. Казино чет элдиктер үчүн гана иштөөсү кажет. Бул шарттар аткарылган учурда казино өлкөбүзгө жана жарандарыбызга кирешелерди алып келет”. Анын айтымында азыр Кыргызстан гана эмес, бүт дүйнөлүк кризис абалында оюн-зоок мекемелери мамлекет казынасын толтурууга шарт түзөт. Европанын Монако мамлекетинин бюджети дээрлик толук бойдон ушундай мекемелерден түзүлөт. Мусулман өлкөсү Малайзияда чет элдиктер үчүн казинолор иштейт. Кыргызстан дагы туристтик хабга айланышы керек, башка жол жок. Биз укмуштуудай климаттык шарттарга эгедербиз.

Эске салсак, республикабызда 2012-жылдан баштап кумар оюндарына тыюу салынган. Бага тыюу салган учурда да каршылык көрсөтүп, нараазылык акцияларына чыккандар болгон. Атүгүл депутаттык корпуста да каршы болушуп, ошол кездеги депутат Ширин Айтматова мунун натыйжасында 15-миңге чейинки жарандарыбыз жумуш орундарын жоготот деп чыккан. Ал эми ошондогу эсептөөлөр боюнча мамлекет казынасы 600 млн сомго чейинки кирешесинен кол жуумак. Эми 10 жылдан кийин бул маселеге кайрадан кайрылып, оюн-зоок мекемелерин ачуу маселеси коюлуп жатат. Бул боюнча мыйзам долбоору Жогорку Кеңеште биринчи окууда кабыл алынган.

10-июнда мыйзам долбоору Жогорку Кеңештин Бюджет, экономикалык жана фискалдык саясат комитетинде экинчи окууда каралышы керек болчу. Бирок депутаттар мыйзам долбоорун кароодо Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровдун катышуусу менен карайбыз деген негизде мыйзам каралган жок. Эми бул мыйзам долбооруна кайра качан кайтып келишет азырынча маалымат жок.

“КӨЗӨМӨЛДӨЙ АЛБАСАК ЭМНЕБИЗ МАМЛЕКЕТ?”

Биз мыйзам долбоорун жактоочулардын бири, депутат Арсланбек Малиевди кыскача кепке тарттык.

- Коомдо оюн-зоок мекемелеринин иштөөсүнө уруксат берүүгө каршы акциялар болууда. Сиз буларга эмне демекчисиз?

- Бардык эле цивилизациялуу өлкөлөрдө казинолор иштейт. Бизде да оюн-зоок мекемелери болушу керек деп эсептейм. Бирок алар биздин жарандарга эмес, чет элдиктер үчүн. Алар бизге келсе иштерин бүтүрүп, кечкисин кааласа ойносун, эмнесин аяйбыз, бизден болбосо башка жактан деле ойношот да.

- Бирок биздин жарандар ал мекемелерге кирбөөсүнө кепилдик барбы?

- Эмнеге болбошу керек. Эгерде көзөмөлдөй албасак анда эмнебиз мамлекет? Биз светтик мамлекетпиз. Оюн-зоок мекемелери иштесин, ага болгону катуу көзөмөл болушу керек.

- Мыйзамда онлайн-казино да бар деп жатышат. Эгерде онлайн-казино болсо ал биздин жарандарга дагы жеткиликтүү болот. Бул жагын кандай кылабыз?

- Биз мыйзам долбоорун биринчи окууда принцибин гана карап, кабыл алдык. Эми экинчи окууда дыкат карап, туура эмес жерлерин оңдоп, керектүү жерин калтырып, керексизин алып таштайбыз.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

МАКСАТ – ВАЛЮТА РЫНОГУНДАГЫ ТУРУКТУУЛУКТУ САКТОО

КЫРГЫЗ БАНКЫ

КР Улуттук банктын Кереметөөчүлөрдүн укугун коргоо бөлүмүнүн башкы инспектору Таалайкан САДАБАЕВА:

“Акча которуулар боюнча өзгөртүүлөр убактылуу болуп эсептелет”

Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу жана ички валюта рыногундагы кырдаалды турукташтыруу максатында 2022-жылдын 18-апрелинде Улуттук банк тарабынан акча которуу системалары аркылуу акча которууларды ишке ашыруу эрежелерине убактылуу өзгөртүүлөр киргизилген. Мына ушул жагдайга байланыштуу КР Улуттук банкынын Кереметөөчүлөрдүн укугун коргоо бөлүмүнүн башкы инспектору Т.К.Садабаевага кайрылып, бул маселе боюнча бир нече суроолорго жооп берүүсүн сурандык.

- Таалайкан Мукашовна, эмне себептен акча которуу эрежелери өзгөртүлүүдө?

- Убактылуу мындай өзгөртүүлөргө Кыргыз Республикасына АКШ доллары менен накталай эмес акча которуулардын көлөмү кескин өсүп, накталай АКШ долларына суроо-талаптар көп болгондугу негизги себеп болду. Бул жагдай биздин өлкөнүн ички валюта рыногунда накталай АКШ долларына кошумча суроо-талапты жаратты. Бул өзгөртүүлөр убактылуу болуп саналат жана накталай АКШ долларынын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары агылып чыгышына терс таасирин минималдаштырууга багытталган.

- Акча которууну азыр кайсы валютада кардарлар алса болот?

- Учурда Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык акча которуу системасы аркылуу акча которууну алуучу жөнөтүүчү өлкөнүн валютасында же улуттук валюта – сомдо гана болушу мүмкүн.

Мисалы, эгерде Россия Федерациясынан акча которуу жөнөтүлсө, ал алуучуга орус рублинде, эгерде Казакстан Республикасынан болсо – казак теңгесинде, башка өлкөдөн болсо – улуттук валютада алмашуу курсу боюнча коммерциялык банктан берилиши керек. Эгерде которуу валютасы Кыргыз Республикасынын аймагында кеңири колдонулбаса, банк Улуттук банктын эсептик ставкасын колдоно алат.

Акча которууну берип жаткан учурда кардарга валюта курсу тууралуу алдын ала маалымат берилиши керек. Акча которууларды конвертациялоо эрежелери өзгөрүүсүз калат. Коммерциялык банк алуучунун макулдугу менен акча которууну жалаң гана улуттук валюта сомго конвертациялай алат.

- Акча каражаты Европадан которулса кандай болот?

- Европадагы же башка мамлекеттеги кардарлар Кыргыз Республикасында акча которууну алуу үчүн валютаны – евро же долларды тандай алышат. Адатта Европадагы жөнөтүүчүлөр еврону тандашат. Европадан Кыргыз Республикасына которууну жөнөтүүдө аны евро менен алууга болот.

Бирок, Европанын жана башка өлкөлөрдүн аймагындагы геосаясий кырдаалга байланыштуу кандайдыр бир талаптарды же чектөөлөрдү киргизүүгө мүмкүн экенин эстен чыгарбоо керек. Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан алуучунун же жөнөтүүчүнүн макулдугу менен акча которууну алуу же жөнөтүү боюнча банктык которуу жолу менен конвертациялоого болот.

- Кардарлар дагы кандай акча которуудагы көйгөйлөрлөр менен сиздерге кайрылууда?

- Кээ бир акча которуу системаларынын оператору акча которуу валютасына, которуунун суммасына ж.б. чектөөлөрдү киргизиши мүмкүн экенин эске алуусу керек. Эгерде акча которуу системасынын оператору которуу валютасына чектөөлөрдү киргизсе, анда которуу сом менен алынышы же банктын курсу боюнча башка валютага конвертацияланышы мүмкүн.

Кээде чет өлкөлүк валютадагы талап кылынган сумма банктын филиалында же сактык кассасында жетишсиз болуп калышы мүмкүн экенин да эске алуу керек.

Ошол эле учурда коммерциялык банктар тигил же бул акча которуу системасы менен иштешээрин эске сала кетели. Буга байланыштуу бир банктан акча которууну алууда көйгөй чыкса, кандайдыр бир себептер менен акча которууну берүүдөн баш тартса, башка банкка кайрылуу сунушталат.

Эгерде банк себебин түшүндүрбөстөн валютаны чыгаруудан баш тартса, сизге банктын атын, банк операторунун атын жана баш тартуунун себебин жазып, кат жүзүндө арыз-даттануу менен кайрылууну сунуштайбыз. Улуттук банк көзөмөл органы катары тиешелүү чара көрүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

- Эгерде акча валютасы Кыргыз Республикасынын аймагына кеңири колдонулбаган өлкөдөн жөнөтүлгөн болсо, эмне кылыш керек?

- Эгерде акча которуу валютасы Кыргыз Республикасынын аймагында кеңири колдонулбаса, акча которуу Улуттук банктын эсептик курсу боюнча сом менен берилиши мүмкүн. Бул учурда банк тарабынан кардарга валюта курсу тууралуу алдын ала маалымат берилиши керек.

- Банкта долларлык эсеп ачылган болсо, бирок кайрылуу учурунда банк сураган өлчөмдө долларды бере албаса, эмне кылуу керек?

- Банк эсебиндеги акча каражаттарынын сакталышы жана алардын кардардын биринчи талабы боюнча берилиши банк тарабынан кепилденет.

Банкта ачылган валюта эсептен акча каражаттарын берүүдөн баш тартуу объективдүү себептерден улам болушу мүмкүн – банкта чет өлкө валютасында керектүү суммадагы акча каражаты жетишсиз болуусу мүмкүн. Ушуга байланыштуу кардар биринчиден, банктын нак акча берүүдөн баш тартуусунун себебин тактоосу зарыл.

Банкта чет өлкө валютасы керектүү көлөмдө жок болсо, банк ошол акча берүү учурундагы өзүнүн курсу боюнча улуттук валюта менен акча каражаттарын берүүнү сунуш кыла алат.

- Чет элдик валютада алынган акча которуулардын суммасына чектөөлөр киргизилгенби?

- Жок, Улуттук банк коммерциялык банктарга чет өлкө валютасында акча которууларды берүү операцияларын жүргүзүүгө чектөөлөрдү койгон эмес.

- Акча которууларды алууда жана валюта алмаштырууда көйгөйлөр келип чыкса, кимге кайрылыш керек?

- Эгерде кардарда акча которууга же чет өлкө валютасын сатып алуу же сатууга байланыштуу суроолору бар болсо, биринчи кезекте финансы-кредит уюмдарына кайрылып, себебин билип, түшүндүрмөлөрдү алуусу керек.

ФКУнун аракети же аракетсиздиги боюнча Улуттук банкка даттануу менен кайрылууга болот, бул учурда маселени толук жана ар тараптуу изилдөө үчүн Банктын дооматына жообун тиркөө зарыл. Эгерде Улуттук банктын талаптары бузулгандыгы аныкталса, анда бузган ФКОго таасир этүү чаралары колдонулушу мүмкүн.

Кеңеш жана түшүндүрмө алуу үчүн Улуттук банктын Кереметөөчүлөрдүн укуктарын коргоо башкармалыгына төмөнкү даректер боюнча кайрылсаңыз болот:

Адрес: Бишкек шаары,
Чүй проспектиси, 168
Телефондор: (0555) 85-57-48
(0770) 73-73-49
Иш телефондору: 66-90-56
66-90-65

- Жыйынтыктап айтканда, акча каражаттарын которууда кардарлардын кандай укуктары бар экенин айта аласыз?

Кардарлар акча каражаттарын которууда төмөндөгүдөй укуктарга ээ:

- Кардар банкты жана акча которуу системасын эркин тандоого укуктуу.
- Банк акча которууларды жүргүзүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө толук маалыматты берүүгө милдеттүү. Демек, кардар акча которууларды ишке ашыруунун шарттары боюнча толук маалыматты талап кылууга укуктуу.
- Финансылык кызматтарды көрсөтүүнүн жалпы шарттары ачык маалымат болуп саналат жана коммерциялык же банктык сырдын предмети боло албайт. Финансылык кызматтарды көрсөтүү үчүн комиссиялык жыйымдар жана тарифтер жөнүндө маалымат ачык жана керектөөчүлөр үчүн жеткиликтүү болууга тийиш.
- Кардар эгерде бир нерсе түшүнүксүз болсо банктын жооптуу кызматкерлеринен жардам сурай алат, которууну өзгөртүүнү же жокко чыгарууну суранса болот, эгерде система муну анда белгиленген эрежелерге жана шарттарга ылайык жүргүзүүгө мүмкүндүк берсе. Эреже катары, акча которуу боюнча маалыматтарды кайтаруу жана өзгөртүү, эгерде которуу алуучуга төлөнбөсө, мүмкүн.
- кардар финансылык кызматтан пайдалануу процессинде келип чыккан керектөөчүлөрдүн кайрылууларын (даттанууларын) кароонун тартиби жөнүндө маалымат алууга жана бул укуктан пайдалануу укуктуу.

Маектешкен
Абдимухтар АБИЛОВ

ЖАРЛЫКТАН КИЙИН ЖАРАЛГАН ОЙЛОР

"Манас" жана Чыңгыз Айтматов Улуттук академиясынын президенти Талантаалы БАКЧИЕВ:

"Укугум деп милдетибизди унутуп баратабыз"

Президентибиз Садыр Жапаровдун "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" алгачкы Жарлыгынын уландысы катары "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыгы коомчулукта көп талкуу жаратты. Көпчүлүккө белгилүү болгондой анын негизинде 1-сентябрга чейин "Улуттук наркты сактоо жөнүндө" программа шителип чыгышы шарт. Бүгүнкү күндө өлкөбүз үчүн улуттук наркка тиешелүү саясатты күчөтүү муктаждыгы, заманбап өнүгүү жолунда анын таасири боюнча "Манас" жана Чыңгыз Айтматов Улуттук академиясынын президенти, филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, манасчы Талантаалы БАКЧИЕВ менен маектештик.

- Талантаалы Алымбекович, эзелтен бери эле эч жерде жазылбаган нарк, каада-салт мыйзамдары менен жашап келген кыргыз үчүн Президентибиз тарабынан "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" Жарлыгынын уландысы катары "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыктын чыгышына эмне себеп болду деп ойлойсуз?

- Кут уюган, нурдан бүткөн, касиеттүү элбиз деп төш кагып айтканыбыз менен күндөн-күнгө улуттук баалуулуктарыбызды, наркыбызды жоготуп бара жаткандыгыбыз, маданий-руханий табиттин ар кандай таасирлерден улам бузулуп жатышы, дин менен улуттук салттын, муундардын, эркек менен аялдын ортосунда пайда болуп калган коомдогу карама-каршылыктар, маданий-руханий баалуулуктардын ордуна улуттук аң-сезимди талкалоочу ар түрдүү кызыкчылыктардын алдыга чыгып кетиши, сырттан келген таасирлердин курчоосундагы жаштарыбыздын кыргыз болгусу келбей, бөтөн улутту туурап жаткандыгы жана башка көп көйгөйлөр себеп болду.

Улут катары өздүк иденттүүлүгүбүздү сактап, өсүп келе жаткан муунга жеткирүү, келечек үчүн туура жол салуу заман талабы болуп турганда мурдатан айтылып гана тим болуп келген маселелер көз жаздымда калбай, өзгөчө көңүл бурулуп, маанилүү мамлекеттик расмий документ болуп чыгып жатат. Дегеним, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы "Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө", 2022-жылдын 22-апрелиндеги №126 "Кыргыз элинин баа жеткис руханий мурасы - "Манас" эпосунун үчилтигин ("Манас", "Семетей", "Сейтек" эпостору) ар тараптан изилдөө жана популярдаштыруу боюнча кошумча чаралар жөнүндө" Жарлыгы, жогоруда биринчи аталган Жарлыктын ырааттуу уландысы катары "Улуттук нарк жөнүндө" Жарлыгы дал ошол биз сөз кылып жаткан улуттук баалуулуктарды негиз кылып алды. Идеология деп 30 жылдан бери бир пикирге келе албай, издеп жүргөн нерсебизге эми жакындагандайбыз.

- Айтыңызчы, нарк деген эмне?

- Улуттун наркы - улуттун баасы, баркы, каадасы, салты, үрп-адаты, жашоо эрежелери, тыюулары, өзүн-өзү алып жүрүүнүн, кийинүүнүн, тамактануунун, сүйлөшүүнүн адеби ж.б.у.с. Азыр нарктуу аксакалдарыбыз, нарктуу байбичелерибиз, нарктуу уул-кыздарыбыз, нарктуу келинкүөө балдарыбыз, нарктуу кебибиз, нарктуу сөзүбүз азайды. Кээ бир жерден таппай да калып жатабыз. А түгүл, эл башында саясий лидер менен бирге болуп келген руханий лидерсиз элге айландык. Бул бүгүнкү күндүн чыркыраган чындыгы. Себеби деп демократияны туу тутуп алганыбызды, укугум деп милдетибизди эстен чыгарып койгонубузду, эл эмне дейт деген жазылбаган мыйзамыбызды жокко чыгарып жатканыбызды, түбөлүктүү нерселерди эмес, күнүмдүк материалдык кызыкчылыктарды алдыга коюп алганыбызды айтаар элем. Бүгүнкү күндө жаштар мындай болуп баратат, андай болуп баратат, аны билбейт, муну билбейт дейбиз. Бирок алардын билбестигине ким күнөөлүү? "Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат", "Эне көргөн тон бычат, ата көргөн ок жонот", - дейт кыргызда. Татыктуу тарбия оболу улуулардан болушу шарт. Бул Жарлыкта да наркстуулук үй-бүлөдөн башталарын эске алып, салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтуунун зарылдыгы негизги маселе катары коюлган.

- Ошондо сиз жогоруда айткан нарктуулугубузду кайра калыбына келтирүү үчүн эмне кылышыбыз керек?

- Нарктуулукту калыбына келтирүүдөгү эң башкы куралыбыз - руханий касиетибиз, "Манасыбыз", тилибиз жана өнөрүбүз. Бирок алар үчүн зарылчылык жаралбаса, миң айткан менен калыбына келе койбойт. Кыргыз тилинин кереги жок, ансыз да эң сонун күн өткөрөм деп ой жүгүрткөндөр канча? Биздин салтта бир жакшы сөз бар. Маселен, "акты төкпө, жаман болот",- деп коёт. Ушул сыяктуу түшүнүктөрдү архаизм, эскичил көз караш деп жокко чыгарбай, замандын бүгүнкүдөй тез агымында, маалыматтык согуш, аң-сезим үчүн күрөш жүрүп жаткан учурда ар бир салтты жиликтеп, маанисин жөнөкөй тил менен түшүндүрүп, чечмелеп, эмнеге керек экенин, эмнеге болот, эмнеге болбойт экенин так айтып бербесек, аны эч ким кабыл албайт. Элибиз тутуп келген ар бир түшүнүктүн, көрүнүштүн орду, озуйпасы бар. Алардын миң жылдык тажрыйбасы, жообу бар.

Жарлыкта жазылгандай, мамлекеттик жетекчилик кызматтагылардан баштап, бакчадагы балага чейин кыргыздын улуттук баалуулугун таанытып, сактап, медер тутуп, ошол багыт менен өнүгүү жолуна түшүү зарыл. Кыргыз эли өзүн сактап, коргоп, туруштук бере ала турган механизмдерин иштеп чыгышы керек. Ал гана эмес, ошол иштелип чыккан механизмдердин жардамы менен өлкөнүн өнүгүп кете турган жолдорду издеп табууга аракет көрүүбүз милдет. Кыргыз Республикасынын Президентинин 22-апрелде чыккан Жарлыгынын негизинде "Манас" жана Чыңгыз Айтматов Улуттук академиясынын алдында кыргыз элинин Материалдык эмес маданий мурастарын илимий-изилдөө институту түзүлдү. Ал мындан ары материалдык эмес маданий мурастарды изилдөөгө алмакчы. Элибиздин материалдык эмес маданий мурастары да улуттук нарк болуп эсептелет.

- Буга чейин андай илимий-изилдөөлөр болчу эмес беле?

- Албетте буга чейин деле бул багытта бир катар илимий иштер жүргүзүлүп келген. Бирок, азыркы учурдагы дүйнөлүк кырдаал, экономикалык болобу же саясий, маданий, руханий жактан алып караганда деле өтө опурталдуу. Жаңылануу доорун баштан кечирип жаткандайбыз. Ошондуктан азыркы көрүлө турган аракеттер да талапка ылайык жүргүзүлүшү зарыл.

- Анда серепчилердин дүйнөлүк чакырыктарга татыктуу жооп берип, гигант өлкөлөрдүн көлөкөсүндө жоголуп кетпөө үчүн маданият тармагы жаңыча өнүгүү жолуна түшүүсү керек дегени чынбы?

- Азыркы учурда дүйнө жүзүндө дүйнөнүн кайра курулушу тууралуу маселе көтөрүлүп жатат. Биз башыбыздан кечирип жаткан дүйнөлүк системанын мыйзамдары эскирип, жарактан чыгып калды. Анын бирден-бир себеби, адамдык салттуу наркынын кыйрашы болду. Мындай учурда "Инжилдеги" Ной менен Иисустун, "Курандагы" Мухаммеддин пайгамбар болуп келишинин себептерин мисал кылсак болчудай. Ошондуктан, учурда ар бир эл, алардын ичинде кыргыз эли дагы өз аракетин көрүп жаткан учур. Кеп сырткы коркунучтардан өзүбүздү коргоп калуу механизмин иштеп чыгууда болуп жатат. Ал эми анын бири болуп улуттук нарк эсептелерин унутпашыбыз керек. Мындай шартта жалгыз эле маданият тармагы эмес, билим берүү, үйбүлө институту да сыртта калбашы керек. Антпесек, башкаларга апкытыбызды бастырып отуруп, гигант мамлекеттердин көлөкөсүндө гана эмес, таманында калышыбыз мүмкүн.

Разия ЖООШБАЕВА

Зор өнөр

"БАБАЛАРДЫН БАА ЖЕТКИС МУРАСТАРЫ:

ТАЙГАН" КӨРГӨЗМӨСҮ

15-июнда Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейинде кыргыз тайганы тууралуу тарыхый, археологиялык, этнографиялык материалдарды жана артефакттарды чагылдырган тематикалык көргөзмө ачылды. Ага тайган жөнүндө маалыматтарды чагылдырган түрдүү экспонаттар кабыл алынган. Экспонат катары жыгачтан, колодон, чоподон жасалган, таштын, кездеменин, кагаздын же башка материалдардын бетине тайгандын элеси түшүрүлгөн буюм-тайымдар коюлган.

Көргөзмө Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Азамат Жаманкуловдун катышуусунда ачылып, ага тайганчылар, манасчылар, төкмө акындар, чыгармачыл топтор катышып, архивдик, заманбап фото-видеоматериалдарды көрсөтүү менен коштолду.

Министр өз сөзүндө алмустактан бери кыргыз элинин жаныбарларга болгон астейдил мамилесин, аны сактап, таптап келген тайганчылык менен алектенгендерге жана изилдөөчүлөрдүн ролун белгилеп, министрликтин ыраазычылык катын тапшырды.

Ошондой эле Азамат Жаманкулов ачылышта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 16-апрелиндеги №149 токтому менен Кыргыз Республикасынын материалдык эмес маданий мурастарынын элементтеринин улуттук тизмегине "Тайган таптоо билимдери жана билгичтиктери" аттуу жаңы номинация кошулганын айтып, тайгандын макамы маданий мурас катары расмий түрдө таанылып, аны сактоого жана сүрөөгө алууга тиешелүү шарттардын түзүлүшү талап кылына турганын белгилеп, кийинки кадам катары бул номинацияны ЮНЕСКОнун репрезентативдүү тизмесине киргизүү боюнча иштер жүрүп жатканын кошумчалады.

Көргөзмө Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин координациясы менен Кыргыз Республикасынын Улуттук тарых музейи, "Жаштарды узантуу ресурстары" коомдук фонду жана "Кыргыз тайганы клубу" коомдук бирикмеси тарабынан уюштурулду. Көргөзмө 30-июнга чейин уланат.

Мындан сырткары үстүбүздөгү жылдын 25-27-июнь күндөрү Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Туризм департаментинин календардык планына ылайык, Жалал-Абад облусунун Токтогул районунда "Каракуштун мекени" аттуу Эл аралык этнофестиваль өтөт.

Бактыгүл КУЛАТАЕВА

Кендер жана сырлар

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Маданий мурастарды сактоо жана өнүктүрүү башкармалыгынын башкы адиси Чынарбек ЖОЛДОШЕВ:

"КЫРГЫЗСТАНДА АРХЕОЛОГИЯГА ӨМҮРҮН АРНАГАН АДИСТЕР ӨТӨ СЕЙРЕК"

- Чынарбек мырза, сиз жакында массалык маалымат каражаттарынын бирине маек берип, Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамсыз археологиялык казуулар жүргүзүлүп жатат деп айтыптырсыз.

- Ооба, туура маалымат. Өлкөбүздүн аймагында мыйзамсыз археологиялык казуулар жүргүзүлүп жатат деген кабарларды угуп, биз аларга бөгөт коюу иштери менен алектенген учурлар болуп турат.

- Кимдер мыйзам бузуп жатат?

- Биздин эле жарандар, айылдын тургундары. Азыр билесиз темир издөөчү куралдар бар. Алар ошол курал менен өз алдынча издөө иштерин уюштуруп турушат экен. Айыл эли кайсы аймакта, кандай тарыхый эстеликтер бар экендигин жакшы билет. Анан да чоң аталардан уккан, билген окуяларынын негизинде издөө иштерин жүргүзүп, байлык издешет. Мыйзам бузуулар түн ичинде, же айылдан алыс аймактарда жүргүзүлөт. Эгер алар уруксат кагазын алып, анан издөө иштерин жүргүзсө, ага мыйзам тыюу салбайт.

- Негизи эле учурда археологиялык казуулар жүргүзүлүп жатабы?

- Кыргызстандын аймагында 2000ден ашуун тарыхый эстеликтер каттоого алынган. Андан тышкары биз жылына жаңы табылгаларды, эстеликтерди табуу аракетин көрөбүз. Бир жылда аймактарда 2 же 3 стационардык археологиялык казуу иштери жүргүзүлүп турат. Быйыл апрель, май айларында япониялык археологдор менен бирге Улуттук илимдер академиясынын археологдору Чүй облусундагы байыркы Ак-Бешим шаарчасынын калдыктары турган жерде казуу иштерин жүргүзүштү. Бул казуу иштери акыркы он жылдан бери туруктуу жүргүзүлүп келе жатат. Болгону пандемия учурунда токтоп турду. Ак-Бешим шаарчасы Чүй облусундагы ЮНЕСКОнун 3 объектисинин бири болуп эсептелет. Андан тышкары Кара-Суу районундагы Ак-Жар деген айылда да бир ай изилдөө иштери болуп өттү. Маданий мурастарды сактоо жана өнүктүрүү башкармалыгы жаңы эле ишке берилген Түндүк–Түштүк жолуна жакын жайгашкан аймактарды да изилдеп жатат. Жумгал районунда 50гө жакын сак, усун, кыпчак дооруна жана орто кылымдарга таандык коргондорду казууга уруксат бергенбиз. Ал жерлерде да изилдөө иштери жүрүүдө.

- Уруксат кагаздарын кантип алышат?

- Тарыхый эстеликтерди сактоо, эсепке алуу, изилдөө жана аларды пайдалануу Кыргыз Республикасынын тарыхый маданий мурастарды сактоо жана пайдалануу жөнүндө 1999-жылы кабыл алынган мыйзамына ылайык жүргүзүлөт. Эстеликтердин корголушунда жана изилдөөдө Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинен баштап, жергиликтүү айыл өкмөттөргө чейин милдеттер коюлган. Уруксат кагаздар Улуттук илимдер академиясынан берилет жана Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинде каттоого алынат. Кыргызстанда жылына 10го жакын уруксат кагазы берилет. Ошонун негизинде отчёттор тапшырылат. Табылгалар мамлекеттик музейлерге өткөрүлүп берилет.

- Айрым жарандар кээде жер казып жатып, баалуу буюмдарды таап алып, мамлекетке өткөрүп берди деген кабарларды угуп калабыз. Мамлекет ал жарандарга канча каражат төлөп берет?

- Эгер жөнөкөй жарандар тарыхый табылгаларды таап алып, өз ыктыяры менен музейлерге өткөрүп бере турган болсо, кабыл алууда комиссия иштеп жалпы бааны аныктайт. Жаранга ошол жалпы баанын 50 пайызы төлөнүп берилет.

- Биздин өлкөдө археологиялык казуулар, дегеле археологдор тууралуу маалыматтар өтө аз. Кыргызстанда канча археолог бар?

- Туура айттыңыз. Кыргызстанда археологияга өз өмүрүн арнаган адистер өтө сейрек. Өлкө боюнча 10дой гана адис иштейт. Коңшу өлкөлөрдө археологдордун саны 100дөп саналат. Мунун башкы себеби казуу иштеринин оордугу менен байланыштуу. Экинчиден кошумча пайданын жоктугу бул кесипке кызыгууну азайтат. Бирок, азыр Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетте атайын кафедра ачылып, адистерди мамлекеттик бюджеттин эсебинен окутуу иштери жүргүзүлүп жатат.

- Кыргызстандын кайсы аймагында археологиялык казуулар көп жүргүзүлөт?

- Кыргызстандын аймагы ачык асман алдындагы музей деп эсептелет. Бизде таш доорунан XVIII кылымга чейинки тарыхый эстеликтер бар. Союздук республикалардын курамында турган кезде коллективдештирүү саясатынын аркасы менен биздин көптөгөн жерлер изилденбей калып кеткен. Азыр да алар дыйканчылык аймактары болуп эсептелет.

- Уламыштарда Ысык-Көлдүн түбүндө чоң шаар бар деп айтылып келет? Мунун чындыгы барбы?

- Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыгында Ысык-Көлдүн айлана тегерегинде байыркы заманда калк отурукташкандыгы аныкталган. Коргондор, турак жайлардын калдыктары да сакталган. Көбүнчө турак жайлардын калдыктары табылган. Ак-Булуңдагы Чигу шаары көбүрөөк изилденген. Ал эми калгандарында чалгындоо иштери жүргүзүлүп, документтештирилген. Көлдүн четинен турак жайлар табылганы менен көлдүн өзүнүн түбүндө шаар бар экендиги аныкталган эмес.

- Чет өлкөдөн археологдор келет деп айттыңыз. Алардын келип-кетишин ким каржылайт?

- Биздин тарыхый маданиятыбыз дүйнө жүзүнүн да тарыхый маданияты. Айрым археологдор, тарыхчылар өзүнүн илимий изилдөөлөрүн жүргүзүүдө биздин өлкөгө да келишет. Археолог кайсыл өлкөдөн келсе, каржылоо иштери ошол жактан бөлүнөт. Бирок, чет өлкөлүк археологдор өз алдынча иш алып барышпайт. Биздин адистер менен биргеликте иштешет. Биз азыр атайын беш жылдык план иштеп чыгып, тарыхый мурастарды изилдөө жана сактоо боюнча иштерди жүргүзөлү деген максатта Министрлер Кабинетине кайрылганбыз. Ушул максатыбыз ишке ашып калса, көп жаңылыктарыбыз менен бөлүшөбүз.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

ТАЗАЛЫК – ШААР КӨРКҮ

НООКАТ ШААРЫ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА

Турганбаев Улан Калмакович Ысык Көл облусунун Тоң районунда 1971-жылы 4-апрелде туулган. Орто мектепти аяктаган соң, Бишкек шаарындагы К.Скрябин атындагы Айыл чарба институтунун агрономия бөлүмүнө тапшырып, аны 1994-жылы ийгиликтүү аяктайт. Ал 2000–2007-жылдары Тоң райондук Кеңешинин төрагасы, 2007-2008-жылдары Жергиликтүү өз алдынча башкаруу Союзунун атайын адиси, 2009-жылдын 1-январынан тартып ОсОО «ЭКАДЛТД» директордун милдетин аткаруучу, 2009–2020-жылдары Тоң районунун «Күн-Чыгыш» айыл өкмөтүнүн башчысы болуп эмгектенген. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Жарлыгы менен 2022-жылдын 3-февралынан баштап Ош облусунун Ноокат шаарынын мэри болуп дайындалган.

ШААР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

Ноокат шаары мурдагы Эски-Ноокат айылдык кеңешинин ордунда уюшулуп, азыркы Гулистан, Мирмахмудов атындагы айыл аймактарынын айрым жерлери кошулуп, Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 8-сентябрындагы №214 мыйзамынын негизинде райондук деңгээлдеги шаар статусун алган. Жалпысынан алганда 4 кварталдан турат: Таштак, Кара-Турпак, Бостон, Барын. Калкынын саны 15415. Мында 12 улуттун өкүлдөрү ынтымакта жашашат. Райондун борборунда 100 миңден ашуун калк жашайт.

Шаар башкармалыгы, Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 8-сентябрындагы №214 мыйзамынын негизинде шаар башкаруусу деп аталса, ал эми 2011-жылдын 5-августунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №451 токтому менен Ноокат шаар мэриясы деген статусту алган.

Ноокат шаарынын климаттык шарты, Алай тоо кыркалары менен курчалган. Деңиз деңгээлинен 1200 метр бийиктикте жайгашкан.

Ноокат шаарынын бюджети чоң эмес, ресурстары чектелүү гана. Шаардын жашоочуларынын турмуш-шарттарын жакшыртуу максатында арымдуу аракеттер көрүлүп жатат. Айрыкча, шаардын тазалыгына көңүл буруу, көчөлөрдү жарыктандыруу, элди таза суу менен камсыздоо, калк жашаган ички жолдорду ондоо, көчө тыгындарын азайтуу, көп кабаттуу үйлөрдүн коммуналдык-чарбалык абалын жакшыртуу иштерин колго алышкан. Ошондой эле мектепке чейинки билим берүү мекемелери менен байланышта болуу, коммуникация, жаштар, спорт, тарыхый жана маданий эс алуу жайларын коргоо, коомдук жайлардын иштөөсүн камсыз кылуу жана туризм маселелерин колдоо жана жандандыруу боюнча иштиктүү чаралар көрүлүүдө.

Ноокат шаардык мэриясынын алдында «Муниципалдык менчик департаменти», «Ноокат суу каналдары», «Ноокат жылуулук жана «Ноокат тазалык» муниципалдык ишканалары калкка кызмат көрсөтүүдө. Ноокат шаардык мэриясы тарабынан шаардын калкына сапаттуу жана жеткиликтүү кызмат көрсөтүү үчүн муниципалдык ишканаларды оптималдаштыруу жана кадрдык потенциалын жакшыртуу максатында аракеттер көрүлүүдө. Муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмесин жана стандарттарын иштеп чыгышып, «Бирдиктүү терезе» кызматы аркылуу ыкчам жана сапаттуу кызмат көрсөтүү тутуму иштеп жатат.

«Санарип Аймак» автомат-таштырылган маалымат системасы ишке киргизилген. Кызмат көрсөтүүлөрдү санариптештирүү иштери ыкчам темпте жүргүзүлүүдө.

Ноокат шаарынын бюджетинин киреше булактарын толтуруу биринчи орунда турат. Андыктан, бул багытта шаардын салык кызматкерлери алгылыктуу иштерди аткарышууда. Жаңыдан ишке берилген ишканаларды салыкка тартуу, патенттер менен иштөө, салыктык эмес төлөмдөрдүн түшүүсүн башкаруу тартибин өркүндөтүү, өнбөгөн салыктардын санын кыскартуу, шаардын аймагындагы тамарка жерлердин аянттарын, автоунаалардын санын тактап, салык төлөөчүлөрдүн базасын кеңейтип, алардын реестрин түзүү багытында пландаштыруу иштери жүрүп жатат.

ТАЗА ШААРГА АЙЛАНАТ

Ноокат шаарынын тазалыгы үчүн ар бир адам биринчи өзүнөн баштоо керек. Андыктан таштандыны урнага таштоону үйрөнүүбүз зарыл. Шаардын тургундарына жана жаштарына бул багытта түшүндүрүү иштери жыйындарда айтылып келатат. Шаарда тазалык болсо, кооз да, көрктүү да көрүнөт. Таштанды чыгаруучу техникалар алынып, ар бир көчөгө таштанды топтоочу контейнерлер коюлду.

«Ноокат коммунальщик» ишканасынын колдоосу менен бул ишканада эмгектенген кызматкерлердин санын көбөйтүп, таза шаарга айландыруу максаттарын көздөшүүдө.

ЭС АЛУУ ЖАЙЫ

Ноокат шаарынын борборунда Насирдин Исанов атындагы эс алуу жайы бар. Мында шаардык мэрия тарабынан балдар ойноочу аянтчаларда атрибуттар орнотулган. Майрам күндөрү балдарды ата-энелери кошо алып келишип майрамдашат. Парктын ичи таза. Көчөттөр тигилип, айланасы жашылдандырылган. Ар түрдүү гүлдөр отургузулуп кооздолгон. Эс алуучулар үчүн атайын отургучтар орнотулган.

Мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин эстеликтерин тазалашып, сырдашты. Ошондой эле «Өчпөс от» монументи капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү.

Шаардык мэрия тарабынан Афганчылардын сквери, шаардын борбордук айланасы көп жылдан бери каралбай кароосуз калып, базарга айланып кеткендиктен, мэрия тарабынан капиталдык оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүшүп, иретке келтиришти.

Ленин көчөсүндөгү бош турган жерге Ноокат шаарынын мэри У. Турганбаевдин демилгеси менен өзгөчө сквер ачылды. Сквер табигый көрүнүшү менен өзгөчөлөнүп, анда кыргыз оймолору менен кооздолгон фонтан орнотулат.

КӨЧӨЛӨР ИРЕТКЕ КЕЛТИРИЛҮҮДӨ

Ноокат шаарындагы Т.Кулатов, О.Солтобаев атындагы көчөлөрдөгү арчалар көчүрүлүп, жолдун бою кеңейтилди. Учурда кызыл сызыкка чыккан курулуштар боюнча эскертүүлөр берилип, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Ош-Исфана автоунаа жолунун Ноокат районун аралап өткөн аймактардын боюндагы кызыл сызыкка чыккан курулуштарды жылдыруу боюнча «бузуулар боюнча отряд» кызуу иштеп жатат. Бул иш-чарага шаардык мэрия, райондук мамлекеттик администрация, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Ноокат районундагы өкүлү, СЭС, ГОМ жана башка тиешелүү жетекчилер жана кызматкерлер катышып, көзөмөл жүргүзүшүүдө.

Ноокат автожолу кеңейип, жолдор тегизделип оңдолуп калса, машина айдоочуларга да, жөө жүрүүчүлөргө да жакшы болмок.

Ноокат шаарында жаштардын демилгесин мэр колдоп 150гө жакын жаштар «Таза шаар үчүн» акциясына чыгышты. Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жапаровдун «Инсандык руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндө Жарлыгынын алкагында шаардын жаштары, «Ноокат ЦПГО» Ноокат шаар мэриясы менен биргелешип «Жашыл Мурас» улуттук компаниясын ишке киргизүү боюнча акция болуп өттү.

ТАРТИП САКЧЫЛАРЫ

Ноокат шаарынын ичиндеги тартипти сактоо боюнча шаардык мэриясы менен шаардык милиция бөлүмчөсүнүн кызматкерлери биргеликте иш алып барышууда. Шаардын коопсуздугун сактоо, милиция кызматкерлеринин жооптуу милдети эмеспи. Алар мезгил-мезгили менен рейддерди уюштуруп турушат. Айрым тиешелүү талаптарды сактабаган тараптарга айып пулдар салынып, чараларды көрүшөт.

ТАЗАЛЫК

Шаардын тазалыгын сактоо үчүн, «Ноокат Тазалык» муниципалдык ишканасына 3 атайын таштанды ташуучу техника Лизинг компаниясы тарабынан алынды. Шаардын борбордук көчөлөрүнө 33 даана контейнерлер коюлду. Ноокат шаарынын пайдалануусундагы таштанды төгүүчү жайларга 300 түп декоративдүү көчөттөр отургузулду.

Ноокат шаардык мэриясынын эмгек жамааты келечекте Ноокат шаарынын экономикасын, маданиятын, социалдык абалын жакшыртуу үчүн аракеттерди көрүшүүдө. Ошондой эле таза жана жашыл шаарга айландыруу үчүн эмгектерин, билимдерин жана тажрыйбаларын жумшашууда.

Бурма ЫСАКОВА

ЖЕТИНИН БИРИ КЫДЫР

"ЖЕТИГЕН"

ЖУРНАЛЫН ДҮЙНӨ ЭЛИ ТААНЫГАНЫ – ЭМГЕКТИН ҮЗҮРҮ

Стамбулдун Сиркежи вокзалында 8-июндан 12-июнга чейин "Эл аралык журнал жарманкеси" болуп өттү. Ага Түркиянын 400дөй журналы, 30 өлкөдөн, анын ичинен Жакынкы Чыгыш, Европа, Орто Азиянын өз тилинде басылган 450 журналы катышты. Мына ушул эл аралык жарманкеге Кыргызстандын атынан "Жетиген" журналы барып, намыс талашып келди.

Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыстан чаң ыргыткан таш чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан,
Эрдигинен эчен тирүү жан чыгат деп алп акыныбыз Алыкул Осмоновдун ыр сабындагыдай, тирүүлүктүн өзү бакыт тура. Мына ошол тирүүлүк эли-жериң үчүн жасаган эмгегиң менен өлчөнөт окшобойбу. Кесипкөйлүктө эмгектин кайтарымы ишиңдин ийгилиги далил болуп берет экен. Бешене тер адал мээнеттен акса андан өткөн бакыт жоктур. Биздин эмгек эл менен байланыштуу болгондуктанбы, көп жылдык тажрыйбаны алып карасак, берилип иштөө жана калыстык менен кароону үйрөттү. Менеджерлик ишинде уюштуруучулук менен чарбачылдыгың маанилүү. Элге сөз менен кызматың дал келсе андан өтөөр бакыт жоктур.

Кыргыз болуп туулганыма шүгүр. Анткени, кыргыз – өз философия, өз баалуулуктары, өз касиетин кылымдар бою сактап келген улуу эл. Кыргыз тилдүү журнал ачып, дүйнө элине таанылса деген чоң максаттарымдын бири иш жүзүнө ашып олутурат. Ар өлкөдөн келген кесиптештер менен жакындан таанышып достошуп, тажрыйбаларыбыз менен бөлүштүк. Учурдан пайдаланып, "Эл аралык жарманкени" уюштурган Түркия маданият жана туризм министрлигине, ТИКАга жана "Керкүк Маданият Коомунун" мүдүрү, жазуучу, публицист Шемсеттин Күрежи мырзага терең ыраазычылык билдирем. Кудай буюрса, кыргыз бар жерде, "Жетиген" бар. Биринчи жолу эл аралык долбоорго катышып жаткан "Жетиген" өзүнө көп тажрыйба топтой алды. Бул жарманке окурмандардын кызыгуусун күчөтүүдө. Эң баалуулугу КР атынан "Жетигендин" катышуусу дагы кыргыз тилдүү басылмалардын сыймыгы болду. Жергебизде өзүбүзгө билинбегени менен канча өлкө Кыргызстаныбызды баалаганын жон терибиз менен сезип олтурабыз.

Түркиянын маданият жана туризм министринин орун басары Ахмет Мисбах Демиржан Кыргызстан дегенде эле Чыңгыз Айтматов көз алдында болорун, улуу "Манас" эпосу, Алай ханышасы Курманжан Датканы баалаганын жашыра алган жок. Жакынкы күндөрү Кыргыз Республикасына келерин да айта кетти.

Жарманкенин жүрүшүндө, бизди кубандырганы КР Стамбулдагы Башкы Консулу Лира Эсенгуловна Сыдыкова менен жолугуштук. Кыргызстан жана Түркия ортосундагы маданият көпүрөсү негизинде мыкты ойлор, жакшы пландар тууралуу пикир алыштык. Биз билгенден бери Лира Эсенгуловнанын ишмердүүлүгү кайсы тармактан болбосун алкоого татып келе жатат. Иш билги, өз кесибинин чебери Түркиядагы жердештерибизге тирөөч болуп келгени дипломатиялык тажрыйбасынан көрүнүп турат. Жакшы иштин убагында айтылганы дурус дешет. Максаттар али алдыда.

"ЖЕТИГЕН" ЖУРНАЛЫ БАТКЕНДИ КЫДЫРАТ

"Жетиген" журналы май айында жарык көргөн, жети облусту кыдырып концерт берүү салтка айланган. Президентибиз баш болуп, быйыл Баткенге ар тармактан өзгөчө көңүл бөлүнүүдө. Биз дагы кайрадан Баткен элинин маанайын көтөрүп, рухий дүйнөсүн азыктандырып, 11 жылдык мааракебизди белгилөө максатта чоң программадагы концерт тартууламакчыбыз. КР эл артисттери: Саламат Садыкова, Каныкей Эралиева баш болгон 20дай эстрада ырчылары мукамдуу ырларын элине арнамакчы. Ошондой эле залкарлар, Кыргыз эл баатырлары: Тургунбай Садыков, Миталип Мамытов, легендарлуу парламенттин спикери Медеткан Шеримкулов, дүйнө тааныган композиторубуз Муратбек Бегалиев, көрүнүктүү журналист Абдиламит Матисаков, Баткен облусунун губернатору катышышат. Мындан тогуз жыл мурун алгачкы концертибизди Баткенде койгон элек. Туз насип буйруп, быйылкы жылы Баткенде туулган күнүбүздү өткөрмөкчү болдук.

"Жетиген" журналынын
башкы редактору
Абдиламит ЖУМАШЕВ

Көрүнбөгөн акчанын көйгөйлөрү

Көзгө көрүнбөгөн акча, же криптовалюта мыйзамсызбы?

Бүгүнкү күндө криптовалюта дүйнөнү дүркүрөткөн монетардык көрүнүшкө айланды. Учурда интернет желесинде анын 15000ден ашык түрү жүгүртүүдө жүрөт. Демек, көп өлкөлөрдө бул заманбап каржы тууралуу маалымат жетиштүү. Бирок, атайын алгоритмдер, компьютердик код менен иштеген төлөмдөр ыкмасы, же көзгө көрүнбөгөн акча тууралуу кыргызстандыктардын түшүнүгү аз. Брокерлердин айтымында Кыргыз Республикасында жарандардын беш пайызы гана колго кармалбаган, көзгө көрүнбөгөн акчалардын жүгүртүүсүнө баш багып, тармакты түшүнөт жана пайдаланат. Кыргызстандык брокер Бередор Ниязалиевдин айтымында биздин мамлекетте криптовалютанын 271 түрү бар. Алардын ичинен бир гана Алтынкоин криптовалютасы кыргызстандык деп эсептелинет. Алтынкоинди кыргыз брокерлери негиздеп, патенттелген.

КРИПТОВАЛЮТА ДЕГЕН ЭМНЕ?

Криптовалюта – бул санариптик акча. Аны санарип мейкиндигинде гана колдонсо болот. Криптовалютаны кагаз же тыйын кылып, акчалай чыгарып алуу мүмкүн эмес. Бирок, дүйнөдө биткоин тыйындарын чыгарган автоматтар иштейт. Ошол автоматтар аркылуу айрым криптовалюталарды чыгарууга болот. Батыш өлкөлөрүндө криптовалютаны санариптик алтын катары санашат. Бирок, ал накта алтындан да баалуу деп эсептелет. Себеби, аны бир да өкмөт, банк көзөмөлдөбөйт. Баалуулугу убакытка жараша өйдө-төмөн болуп турат жана келечектеги каржылык тутум кандай болорунан кабар берет.

Криптовалютаны сатып алып колдонгон, ортодон акча жасагандар эки топко бөлүнөт. Биринчи топко валютаны интернет аркылуу инвестиция катары сактагандар кирет. Алар криптовалютаны сатып алышып, сактап коюшат. Кийинчерээк сатып пайда көрүшөт. Ал эми экинчи топ – толкунду кармоочулар. Бул брокерлер көзгө көрүнбөгөн акчанын курсу түшкөндө сатып алып, кайра көтөрүлгөндө сатып жибергендер. Кудум долларды сатып алып сактап коюп, курсу көтөрүлгөндө башка валютага алмаштыргандай эле. Кыргызстанда көбүнчө экинчи түргө кирген брокерлер иш алып барышат. Брокерлер бир алтынкоиндин баасы учурда бир долларга бааланарын билдиришти.

Алтынкоин криптовалютасынын негиздөөчүсү Султан АЛМАЗОВ:

- Алтынкоин валютасын түзүү оңой болгон эмес. Биз бул рынокко келүү үчүн көп окудук жана биржа тууралуу түшүнүктөрдү кеңейттик. Азыр Кыргызстанда алтынкоин сатып алган 5000 жаран, алар менен иштеген 100дөй брокер бар. Негизи эле мага криптовалютага ишенсе болобу деген суроо көп берилет. Ооба, криптовалюта менен иштеген брокерлер, сатып алуучулар аны бардык тармакта колдоно алат. Акчаны карточкага которуп, чыгарып кетсеңиз да болот. Ушул күндөрдө дүкөндөр, кафелер менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Алар ишке ашып калса, алтынкоин менен бардык төлөмдөрдү карточка аркылуу жүргүзө алуу мүмкүнчүлүгү ачылат.

Криптовалюта боюнча түшүнүгү бар брокерлер азыр кыргызстандыктарга бул тармак тууралуу кеңири түшүнүк берүү маанилүү дешет. Анткени маалыматы жок жарандар, башка өлкөлөрдүн биржасына кирип, каражаттарын жоготуп алуу коркунучу жаралууда.

Брокер Бередор НИЯЗАЛИЕВ:

- Криптовалютага ишенимдин жок болушу бул түшүндүрүү иштеринин аздыгынан деп ойлойм. Бул тармакка кирем деген адам өзү үчүн башта анализ жасап алышы шарт. Андан соң гана ишти баштоосу зарыл. Мен Кыргызстанда криптовалюта индустриясы тууралуу түшүнүктү кеңейтүү керек деп айтып жүрөм. Себеби, азыр дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнүн айрымдары аны валюта катары кабыл алып, көчөгө банкоматтарды орнотуп, кадимкидей жүгүртүү иштерин башташкан. Мурда биринчи жолу факс телефон чыкканда дүйнөнүн көп аалымдары аны сыйкыр катары кабылдашып, тыюу салган. Азыр факс бардык жерде бар. Криптовалюта да ошентип жашообузга сүңгүп кирип калышы ыктымал. Андыктан бул валюта тууралуу да сабатсыздыгыбызды жоюшубуз керек. Криптовалютага алдангым келбейт бирок, анын пайдасын көрөйүн деген жарандарга айткым келет. Эгер сиз криптовалютага инвестиция салам десеңиз, каржылык мүмкүнчүлүгүңүздү карап көрүшүңүз маанилүү. Сиздин канча акча жоготуу мүмкүнчүлүгүңүз бар болсо, криптовалютага ошол сумманы гана салууңуз кажет. Андан көп суммадагы каражатты салып алып, тобокелдикке барбаңыз. Эгер сиздин каражатыңыз күнүмдүк турмуштан артпаса, анын баарын криптовалютага салуунун кереги жок. Биздин элдин каржылык сабаттуулугу жоюла электигинен да көп адамдар акчасынан кур жалак калып жатышат. Валютанын бул түрүн биржада колдонууну билген адам акчасын көбөйтүп алуу мүмкүнчүлүгү чоң.

УЛУТТУК БАНК ЭСКЕРТТИ...

Ушул аптада Улуттук банк элге Кыргыз Республикасында криптовалютанын, виртуалдык активдердин жайылышына байланыштуу тобокелдиктерди эскертти жана өлкөдө бир гана сом мыйзамдуу түрдө жүгүргөн валюта деген билдирүүсүн таратты. “Эгер сатып алуулар башка валюталар менен жүргүзүлсө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бузулган болот”,- деп айтылат маалыматта.

Улуттук банк криптовалюталардын реалдуу наркынын жоктугу, алар эч кандай валютага же башка активге байланып баш ийбегени үчүн жогорку тобокелдикти жаратат деди жана жарандарды аны жүгүртүүгө катышпоого чакырды. Анткен менен ушул күндөрдө борбор шаарыбызда криптовалюта деген жазуусу бар кеңселердин иштеп жатканын көрүүгө болот. Алар ачык эле өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келишет. Интернет желесинде атайын сайттар да ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө. Криптовалюта менен шугулдануунун мыйзам түрүндө тыюу салына элек. Ошол эле учурда уруксаты да жок.

Дүйнөдө болсо криптовалюта рыногу ээ-жаа бербей, тез өсүүдө. Күн алыс жаңы криптовалюта жаралып, эскиси рыноктон кетип жатат. Жаңы криптовалюталарды арзан кезинде сатып алгандар тез арада байып жатышкандыктары биржаларда айтылууда. Айрым онлайн валюталары бир нече айга жетпей кайра жоголуп, айтор бул тармакта тыным жок.

Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА

ЭКИНЧИ МӨӨНӨТКӨ ТАЛАПКЕР БОЛОТ

АКШнын президенти Жо Байден 2024-жылы өтө турган шайлоодо экинчи мөөнөткө талапкер болот. Анын басма сөз катчысы Карин Жан-Пьер 79 жаштагы азыркы президенттин жаш курагы экинчи мөөнөткө талапкер болууга эч көйгөй жаратпай тургандыгын белгилеген. Анын айтуусу боюнча президент эмнени пландаштырса, аны аткарууга дайыма ниеттенет жана АКШ администрациясы бул маселеге эмес, америкалыктардын жашоочулары үчүн жан үрөп иштөөгө көңүл бурат.

КОЙЛОР ЧӨГҮП КЕТТИ

Судандагы Кызыл деңизде бортуна 16 миң кой жүктөлгөн “Бадр-1” кемеси чөгүп кетти. Кеме алгач 9 миң, модификацияланган кийин 12 миң баш койго ылайыкталган. Ага карабастан бул жолу 15 миң 800 кой жүктөлгөн. Алар Сауд Арабияга Курман айт майрамына карата алынып бара жаткан. Суакин портунун жетекчилиги эми Кызыл деңизге чоң экологиялык коркунуч жаралышы мүмкүн деп эсептейт.

ЭМИ ЭМНЕ БОЛОТ?

Көпчүлүк жакшы билген казакстандык “Лотте Рахат” кондитердик фабрикасы “барбарис” жана “ирис” таттууларын өндүрүүнү эки айга токтотту. Компания бул чечимге аларга кумшекер көп керектелээри үчүн келген. Анткени учурда Казакстанда кумшекер тартыштыгы байкалгандай жана кымбат. Фабрика башкармалыгынын төрагасы Константин Федорецтин билдирүүсүндө бул таттууларга суроо-талап жогору болсо да убактылуу чыгарылбайт. Ошондой эле курамында канты көп башка таттуулар да токтотулушу мүмкүн. Анын айтымында июль айынын аягына чейин бул маселе чечилип калат.

КУДАЙ САКТАСА ЭКЕН

Кытайдын коргоо министри Вэй Фэнхе Сингапурда өткөн жолугушууда Пентагондун башчысы Ллойд Остиндин АКШны Тайвандагы кризиске кийлигишпөөгө чакырды. Анын билдирүүсү боюнча эгерде арал көз карандысыздыгын жарыяласа, Пекин согуш жарыялайт. Ошондой эле Пекин бул позицияда катуу экендигин эскертти. Ал эми Тайвандын Тышкы иштер министрлиги Кытайды бул үчүн сынга алып, Вашингтонго колдоосу үчүн ыраазычылык билдирди.

Жакында, Кытайдын Тышкы иштер министрлиги АКШ Тайванды Кытайды манипуляциялоо үчүн пайдаланып жатканын айтып, Вашингтондун мындай аракеттери олуттуу кесепеттерге алып келээрин айткан. Ал эми АКШ президенти Жо Байден Кытайдын агрессиясынан Тайванды коргой тургандыгын билдирген.

КУТКАРУУЧУ ЧЫЧКАНДАР

Эми чычкандар жер титиреөдөн улам урандылар астында калган адамдарды табууга жардам берет. Мындай чычкандарды APOPA уюму (Anti-Persoonsmijnen Ontmijnende Product Ontwikkeling-чычкан, хомяктарды мина жана башка жарылуучу заттарды табууга үйрөтүүчү уюм) Танзания өлкөсүндө сыноодон өткөрдү. Анда чычкандарга микрофон, видео байланыш орнотулган кичинекей рюкзак тагып, кырсык болгон жерге кое беришет. Алардын жардамы менен куткаруучулар урандылар астында калган адамдар менен байланыша алышат. Адистердин айтымында, чычкандар кичинекей болгондуктан ар кандай урандылардын астына кирүүгө жана жабыркаган адамдарды табууга жакшы жардамчы боло алышат. Ал эми чычкандарды үйрөтүүгө эки жума керектелет экен.

Даярдаган Разия ЖООШБАЕВА

Залкарды эскерип

АЙТМАТОВ СЫЙЛЫГЫ

Жакында А.Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында Чыңгыз Айтматов атындагы медалдарды тапшыруу аземи болду.

Сыйлыктар маданият, билим берүү, илим, адабият жана искусство тармагындагы көрүнүктүү жетишкендиктери, улуттар ортосундагы маданиятты жакындаштырып, өз ара байытуу, тынчтыкты чыңдоо, достук жана руханий байланыштарды өнүктүрүүгө кошкон салымдары үчүн тапшырылды. Иш-чараны Ысык-Көл форумунун катчысы Ассоль Молдокматова уюштуруп, маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри Азамат Жаманкулов, жазуучунун карындашы Роза Айтматова, уулу Аскар Айтматов баш болгон бир катар көрүнүктүү инсандар катышты. Өз кезегинде Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадио берүү корпорациясынын Башкы директору Кайрат Иманалиевге дагы Чыңгыз Айтматов атындагы медаль ыйгарылды. Сыйлык ээси К.Иманалиев: "Мен чыгармачылык жолумда, журналисттик ишмердигимде өзүмдү абдан бактылуумун деп эсептейм. Анткени, кыргыздын нечендеген залкарлары менен маектешип, алар жөнүндө көрсөтүүлөрдү, уктуруулларды даярдап калдым. Анын арасында мага улуу, залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов менен маектешүү бактысы буюрганына ыраазымын. Аны менен Кыргыз радиосунун алтын казынасына өмүрү, ишмердиги, чыгармачылыгы жөнүндө маектешип, акыл-насаатын угуп, чыгармачылыгымдын башталышында батасын алганга үлгүрүп калдым. Бүгүнкү залкар жазуучубуздун атындагы медалды алыш мен үчүн бир чети чоң сыймык болсо, бир жагынан чоң жоопкерчилик болуп саналат", - деди.

Разия ЖООШБАЕВА

Көйгөй

"МӨҢГҮЛӨРДҮ САКТАЙБЫЗ!"

Айыл чарба министрлиги 16-июндан баштап агрардык сектордо глобалдуу саясатты баштап, "Мөңгүлөрдү сактайбыз" кыймылын ишке киргизди. Буга байланыштуу министрлик борборубуздагы "Хаят" мейманканасында иш-чара өткөрүп, ушул тематикадагы бет ачар фильм көрсөтүлдү. Иш-чарага министр Аскарбек Жаныбеков, депутаттар Б.Түлөбаев, Дастан Бекешев, ФАОнун саясат боюнча улук эксперти Ричард Муди, эколог-дор, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышты.

Министрлик бардык күч-аракеттерди глобалдык чоң проблема болгон мөңгүлөрдү сактоонун айланасына бириктирип, ири милдеттерди алдыга коюуда. Кыймылдын артыкчылыктуу багыттарынын бири катары пайдасыз жаткан жайыттарды өздөштүрүү болуп саналат. Өздөштүрүү - жансыз жерлерге жөн гана чөп же дарак өстүрүү дегендик эмес. Бул эң башкысы келечекте климаттын глобалдуу ысышынын кесепеттерин алдын алып, биздин өлкө үчүн гана эмес, жалпы регион үчүн баа жеткис мөңгүлөрдү сактоо үчүн көп эмгекти талап кылган процесс, - деп белгиледи министр Аскарбек Жаныбеков сүйлөгөн сөзүндө.

Иш-чаранын катышуучулары экоактивист, фотограф, "Эко-Мир" коомдук фондусунун эксперти Влад Ушаковдун эмгектеринен турган көргөзмөсүнө күбө болушту.

Бегим ТУРДАЛИЕВА

Токтогул районунун сот аткаруучулар кызмат бөлүмү тарабынан

карызкор Сарыказаков Урматбек Бейшекановичке тиешелүү болгон Токтогул районунун Толук айыл аймагына караштуу Алмалуу айылынын Алымбаев Барсаке көчөсүнүн №9 дареги боюнча жайгашкан жалпы жер аянты - 135,73 кв.м., жашоо аянты - 117,63 кв.м., жалпы пайдалуу аянты - 18,1 кв.м., идентификациялык коду 3-07-06-1002-0096 саны менен катталган турак жайына ачык соода-сатык жарыяланат.

Турак жайдын баштапкы баасы – 385 218 (үч жүз сексен беш миң эки жүз он сегиз) сом.

Соода-сатык **2022-жылдын 22-июль күнү саат 10.00дө** турак жай жайгашкан дарек боюнча өткөрүлөт. Соода-сатыкка катышууну каалагандар соода-сатык болгонго чейин турак жайдын баштапкы баасынын **5%** өлчөмүндөгү сумманы аванс катары төгүүгө милдеттүү. Соода-сатыкта утуп алган адамдын төккөн суммасы сатып алуу баасына кошулат. Соода-сатыктын калган катышуучуларына алдын ала төлөнгөн суммалар соода-сатык аяктагандан кийин дароо кайтарылып берилет.

Байланыш тел.: (0501) 43-77-17. Д-27

ОАО «АВТОУСЛУГИ»

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

14 июня 2022 г. в 13.00 ч. по адресу: Чуйская обл., Сокулукский р-н, г.Шопоков, ул.Футбольная, 1 состоялось внеочередное общее собрание акционеров. Кворум собрания - 85,13%, форма проведения - очная.

НА СОБРАНИИ ПРИНЯТЫ РЕШЕНИЯ:

1. Утвердить счетную комиссию в составе: 1.Турдукеева Г.Н. – Представитель ОсОО «Фондрегистр», председатель счетной комиссии; 2.Свидовская Т.А.; 3.Цыганов М.И. За 100%.
2. Принять решение о распределении денежных средств, полученных от продажи земельного участка по адресу: Чуйская область, Сокулукский район, село Романовка, улица Тойбаева, 1А. За 100%.

ОАО «АВТОУСЛУГИ»

Чуйская область, Сокулукский р-н, г.Шопоков, ул.Футбольная, 1, вид ценных бумаг – простые и привил. именные акции KG0101043824, номинальная стоимость одной акции 4,90 сом,

НАСТОЯЩИМ УВЕДОМЛЯЕТ О СУЩЕСТВЕННОМ ФАКТЕ:

15 июня 2022 г. Эмильбекова А.Д. получила от **Джумабаева Д.Э.** согласно свидетельству о наследовании **8220** простых именных акций, общей номинальной стоимостью **40248 сом**, доля в УК **6,63%.**

В связи с утерей договор купли продажи земельного участка (от 18.01.2013 года) на имя Бердигожоева Марата Койгелдиевича считать недействительным. Н-159

В связи с утерей гос акта о праве частной собственности на земельный участок серия Ч №648228 на имя Наншанло Джумара Хусейновича считать недействительным. Н-158

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА АГЕНТСТВО РАЗВИТИЯ И ИНВЕСТИРОВАНИЯ СООБЩЕСТВ (АРИС)

Проект «Регионального экономического развития» (ПРЭР)

Агентство развития и инвестирования сообществ, настоящим приглашает квалифицированных лиц принять участие в конкурсе на позицию **«Консультанта-тренера по повышению потенциала сотрудников Министерства сельского хозяйства Кыргызской Республики, специалистов Проекта «Региональное экономическое развитие» Ошской области и г. Ош Агентства развития и инвестирования сообществ, и Центра конкурентоспособности агробизнеса по вопросам построения агрокластеров и цепочки добавленной стоимости»** в рамках проекта ПРЭР.

Кандидат должен соответствовать следующим критериям и квалификационным требованиям:

- Высшее образование в области сельского хозяйства, агробизнеса, экономики, менеджмента, маркетинга, технологии производства и переработки сельскохозяйственной продукции или любой другой соответствующей области.
- Профессиональный опыт работы в сфере сельского хозяйства не менее 5-ти лет.
- Опыт предоставления обучающих услуг и передачи знаний в сфере построения агрокластеров и ЦДС сельскохозяйственной продукции - не менее 3-х лет.
- Опыт в разработке тренинговых модулей, буклетов и других материалов для проведения и организации тренингов – не менее 3-х контрактов.
- Опыт выполнения аналогичных заданий в рамках проектов международных донорских организаций является преимуществом.
- Знание русского языка – обязательно, кыргызского языка - предпочтительно.

Отбор консультанта будет осуществляться в соответствии с процедурами, установленными в «Руководстве по Регулированию Закупками Всемирного Банка для Заемщиков ФИП (июль 2016, пересмотрено в ноябре 2017 г., августе 2018 г. и ноябре 2020 г.».

Заинтересованные кандидаты должны зарегистрироваться в качестве Кандидата на вакансию, на сайте АРИС **www.aris.kg** и подать заявку на участие в данном отборе (резюме на русском и английском языках, с указанием номера контактного телефона и позиции) до **17.00 часов 1 июля 2022 года.**

Документы, представленные позже указанного срока, не будут рассмотрены. На собеседование будут приглашены только квалифицированные кандидаты.

С/О-200

Өзгөн шаарынын Гагарин көчөсүнүн 170-үйүнүн тургуну Мирахмедова Азатхан Исмаиловнага таандын жер үлушүнүн күбөлүгү иден. код 5-06-02-0007-0645 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-838

Өзгөн шаарынын тургуну Эргашева Гавхарай Абдулхамитовнага таандык жер үлүшүнүн күбөлүгү иден. код 5-06-18-0002-0730 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-888

В связи с утерей гос. акта Ч №319018 (от 27.04.2011 г.) на имя Хахаза Мамаза считать недействительным. Н-157

ЖОГОЛДУ
УТЕРЯ

Өзгөн районунун Жылалды айылынын тургуну Будинов Женишбек Исаковичке таандык сатуу жана сатып алуу келишими №975 (22.04.2004-ж.б.) жана мамлекеттик акт Ч №189997 (25.02.2009-ж.б.) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-762

Өзгөн районунун Шералы айылынын тургуну Жеенбаев Курстанбек Турдумаматовичке райстаттан жеке ишкерлик боюнча берилген күбөлүктүн ОКПОсу 29015324, ИНН 23006198300643 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-449

В связи с утерей свидетельства о государственной регистрации ИП Сыдыкова Аида Мурзабековна код ОКПО 30605858, ИНН 10706198100157 считать недействительным. Ж.К.

Жети-Өгүз районунун Барскоон айылынын тургуну Орозакунов Ильяздын жана анын үй-бүлөсүнө тиешелүү болгон (13.10.1994-жылы берилген) үлүшүнөн пайдалануга укук берүүчү сериясы Б1-206 жер күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-794

Джоломанова Сонумканга таандык Тоң районунун Каджы-Сай айылындагы Мира көчөсүнүн №52 дарегиндеги турак жайынын жер участогуна болгон жеке менчик укугу жөнүндө мамлекеттик акт сериясы Ч №197533, (13.04.2009-жылдагы) идентификациялык коду 2-04-01-1001-0128 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын. П/П-867

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ПАЙДАСЫН КОТОРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2022-жылдын 25-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 23-беренесинин 4-бөлүгүнүн колдонулушу убактылуу токтотулары жана 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пайдасын бөлүштүрүүгө жайылтылбай турганы белгиленсин.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы 2021-жылдын жыйынтыгы боюнча пайдаланы республикалык бюджеттин кирешесине токсон пайыз өлчөмүндө которууну жүзөгө ашырсын.

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 13-июну, №44

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВОПРОСАХ ПЕРЕЧИСЛЕНИЯ ПРИБЫЛИ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 мая 2022 года

Статья 1

Установить, что действие части 4 статьи 23 Закона Кыргызской Республики «О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности» приостанавливается и не распространяется на распределение прибыли Национального банка Кыргызской Республики по итогам 2021 года.

Национальному банку Кыргызской Республики осуществлять перечисление прибыли в доход республиканского бюджета по итогам 2021 года в размере девяноста процентов.

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖАПАРОВ**

г.Бишкек, 13 июня 2022 года, №44

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙЫЛ АЙМАКТАРЫНДА ЖАНА ШААРЛАРЫНДА ТҮЗДӨН-ТҮЗ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУНУ ЖАНА АНЫН РЕЖИМИН КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 11-бөлүгүн, 71-беренесин жетекчиликке алып, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 24-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын айыл аймактарында жана шаарларында түздөн-түз мамлекеттик башкарууну жана анын режимин киргизүү тартиби жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттик Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен өз ара аракеттенип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн жогоруда аталган Жобонун ченемдерин түшүндүрүү боюнча маалыматтык өнөктүктү жүргүзсүн.

3. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

4. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 14-июну, №183

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ИШ БАШКАРМАСЫНА КАРАШТУУ "СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА АДМИНИСТРАТИВДИК ОБЪЕКТТЕРДИ КУРУУ, РЕКОНСТРУКЦИЯЛОО БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК ДИРЕКЦИЯСЫ" МАМЛЕКЕТТИК ИШКАНАСЫН ЖОЮУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасынын ишин оптималдаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 96-статьясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 66, 71-беренелерин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу "Социалдык-экономикалык жана административдик объекттерди куруу, реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекциясы" мамлекеттик ишканасы (мындан ары - Мамлекеттик ишкана) жоюлсун.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы белгиленген тартипте:

- Мамлекеттик ишкананы жоюу боюнча тиешелүү иш-чараларды жүргүзүүнү тапшырып, жоюу комиссиясын түзсүн;
- ушул Жарлыктан келип чыгуучу башка чараларды көрсүн;
- өзүнүн чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

3. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 21-декабрындагы №571 "Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Социалдык-экономикалык жана административдик объекттерди куруу, реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекцияны түзүү жөнүндө" Жарлыгы;

2) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-майындагы №156 "Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу Социалдык-экономикалык жана административдик объекттерди куруу, реконструкциялоо боюнча мамлекеттик дирекциясы жөнүндө" Жарлыгы.

4. Бул Жарлыктын аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

5. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 14-июну, ПЖ №188

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 7-МАЙЫНДАГЫ №134 «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ» ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ишин натыйжалуу камсыз кылуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70, 71-беренелерине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 7-майындагы №134 «Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жөнүндө» Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган Жарлык менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясы жөнүндө жободо:

- төмөнкүдөй мазмундагы 27^1-пункт менен толукталсын:

«27^1. Президенттин Администрациясынын компетенциясына кирген абдан маанилүү маселелерди коллегиалдуу кароо үчүн Президенттин Администрациясында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын коллегиясы (мындан ары – коллегия) түзүлөт.

Кызмат орду боюнча коллегиянын мүчөлөрү болуп Президенттин Администрациясынын Жетекчиси (коллегиянын төрагасы) жана Президенттин Администрациясынын башкармалыктарынын начальниктери саналат.

Коллегия жөнүндө жобону жана анын курамын Президенттин Администрациясынын Жетекчиси бекитет.».

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы - Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын коллегиясы жөнүндө жобону жана анын курамын бекитсин.

3. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖАПАРОВ**

Бишкек ш., 2022-жылдын 14-июну, ПЖ №189

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2021-ЖЫЛДЫН 31-МАРТЫНДАГЫ №83 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ СОТ ЖАНА УКУК КОРГОО ИШИН ӨРКҮНДӨТҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЕҢЕШ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Сот жана укук коргоо ишин өркүндөтүү максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 71-беренесин жетекчиликке алып, **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 31-мартындагы №83 "Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Сот жана укук коргоо ишин өркүндөтүү маселелери боюнча кеңеш жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

